**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ПРОСВЕЩЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

_________________№ ___________

Бишкек ш.
г. Бишкек

# 2026-жылы билим берүү уюмдарынын жетекчилеринин кызмат орундарына кадрлар резервин түзүү үчүн квалификациялык тестирлөөнү өткөрүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 17-апрелиндеги №258 “Кыргыз Республикасынын мектепке чейинки, жалпы (башталгыч, негизги жана орто), кесиптик башталгыч жана кошумча билим берүү деңгээлиндеги мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарынын жетекчилеринин кызмат орундарына конкурс өткөрүү маселелери жөнүндө” токтомун ишке ашыруу, конкурстук жол-жоболордун ачык-айкындуулугун жана объективдүүлүгүн камсыз кылуу, билим берүү уюмдарынын жетекчилеринин кызмат орундарына кадрлар резервин түзүү, ошондой эле конкурсту өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобого ылайык талапкерлерди квалификациялык тестирлөөнү уюштуруу максатында, **буйрук кылам:**

1. Мамлекеттик жана муниципалдык мектепке чейинки, жалпы (башталгыч, негизги жана орто) билим берүү уюмдарынын жетекчилеринин кызмат орундарына кадрлар резервине киргизүү үчүн талапкерлерди квалификациялык тестирлөөнү өткөрүүнүн 2026-жылга карата графиги тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Квалификациялык тестирлөөдөн өтүү үчүн босоголук балл жалпы баллдардын 60 пайызы өлчөмүндө белгиленсин.

3. Билим берүүнүн сапатын өнүктүрүү департаментине (Б.С. Шамшидинова):

1) конкурсту өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобого ылайык квалификациялык тестирлөөнү уюштурууну жана өткөрүүнү камсыз кылсын;

2) тесттик тапшырмалардын базасын түзүүнү, жаңылоону жана коштоп жүрүүнү камсыз кылсын;

3) тестирлөөнүн жыйынтыктарын иштеп чыгууну жана аларды автоматташтырылган маалыматтык системасына жайгаштырууну камсыз кылсын;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

4) өткөрүлгөн тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча конкурстук комиссияга тиешелүү материалдарды даярдоону камсыз кылсын.

4. Мектептик билим берүү башкармалыгы (М.У. Музулманов), Мектепке чейинки билим берүү башкармалыгы (Н.А. Касымова), Санариптик трансформация бөлүмү (Г.Н. Кочорбаева) жана Маалыматтык саясат сектору (Н.К. Кийизбаева):

1) аймактык билим берүү органдарын жана билим берүү уюмдарын квалификациялык тестирлөөнүн мөөнөттөрү жана өткөрүү тартиби жөнүндө маалымдоону камсыз кылсын;

2) талапкерлердин тестирлөөгө катышуусу жана кадрлар резервин түзүү маселелери боюнча маалыматтык-түшүндүрүү иштерин уюштурсун;

3) тестирлөөнү өткөрүү графиги жөнүндө маалыматтарды өз убагында жеткирүүнү камсыз кылсын.

5. Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институтуна (А.Д. Токтомаметов):

1) билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдар, билим берүү уюмдарын башкаруу, билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана билим берүү менеджменти боюнча методикалык материалдарды иштеп чыксын жана жайгаштырсын;

2) билим берүү уюмдарынын жетекчилеринин кызмат орундарына кадрлар резервине кирүүгө талапкер болгон адамдарга уюштуруучулук-усулдук колдоо көрсөтүүнү камсыз кылсын.

6. Санариптик трансформация бөлүмү (Г.Н. Кочорбаева) Маалыматтык саясат сектору (Н.К. Кийизбаева) менен биргеликте:

1) квалификациялык тестирлөөгө катталуу жана катышуу маселелери боюнча түшүндүрүүчү материалдарды Министрликтин расмий маалыматтык ресурстарына жайгаштырсын;

2) тестирлөөнүн мөөнөттөрү жана этаптары жөнүндө маалыматтарды өз убагында жаңыртып турууну камсыз кылсын.

7. Аймактык билим берүү органдарынын жетекчилери ушул буйруктун аткарылышын камсыз кылышсын жана жер-жерлерде тиешелүү уюштуруу иштерин жүргүзүшсүн.

8. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Агартуу министринин орун басары Н.С.Джусупбековага жүктөлсүн.

**О проведении квалификационного тестирования для формирования резерва кадров на должности руководителей образовательных организаций в 2026 году**

В целях реализации постановления Кабинета Министров Кыргызской Республики от 17 апреля 2026 года №258 «О вопросах проведения конкурса на должности руководителей государственных и муниципальных образовательных организаций дошкольного, общего (начального, основного

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

и среднего), начального профессионального и дополнительного уровней образования Кыргызской Республики», обеспечения прозрачности и объективности конкурсных процедур, формирования резерва кадров на должности руководителей образовательных организаций, а также организации квалификационного тестирования кандидатов в соответствии с Положением о порядке проведения конкурса, **приказываю:**

1. Утвердить график проведения квалификационного тестирования кандидатов для включения в резерв кадров на должности руководителей государственных и муниципальных образовательных организаций дошкольного, общего (начального, основного и среднего), уровней образования на 2026 год согласно приложению.

2. Установить пороговый балл прохождения квалификационного тестирования на уровне 60 процентов от общего количества баллов.

3. Департаменту развития качества образования (Б.С. Шамшидинова):

1) обеспечить организацию и проведение квалификационного тестирования кандидатов в соответствии с Положением о порядке проведения конкурса;

2) обеспечить формирование, актуализацию и сопровождение базы тестовых заданий;

3) организовать обработку результатов тестирования и их размещение в автоматизированной информационной системе:

4) обеспечить подготовку и представление материалов конкурсной комиссии по итогам проведенного тестирования.

4. Управлению школьного образования (М.У. Музулманов), Управлению дошкольного образования и (Н.А. Касымова), Отделу цифровой трансформации (Г.Т. Кочорбаева) и Сектору информационной политики (Н.К. Кийизбаева):

1) обеспечить информирование территориальных органов управления образованием и образовательных организаций о сроках и порядке проведения квалификационного тестирования;

2) организовать информационно-разъяснительную работу по вопросам участия кандидатов в тестировании и формировании резерва кадров;

3) обеспечить своевременное доведение до заинтересованных лиц информации о графике проведения тестирования.

5. Республиканскому институту повышения квалификации и переподготовки педагогических работников (А.Д. Токтомаметов):

1) разработать и разместить методические материалы по вопросам законодательства в сфере образования, управления образовательной организацией, менеджмента и повышения качества образования;

2) обеспечить организационно-методическую поддержку лиц, претендующих на включение в резерв кадров на должности руководителей образовательных организаций.

6. Отделу цифровой трансформации (Г.Т. Кочорбаева) совместно с Сектором информационной политики (Н.К. Кийизбаева):

1) обеспечить размещение на официальных информационных ресурсах Министерства просвещения Кыргызской Республики разъяснительных материалов по вопросам регистрации и участия в квалификационном тестировании;

2) обеспечить своевременное обновление информации о сроках и этапах проведения тестирования.

7. Руководителям территориальных органов управления образованием обеспечить исполнение настоящего приказа и проведение соответствующей организационной работы на местах.

8. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя министра просвещения Кыргызской Республики Н.С.Джусупбекову .

**Министр** **Д.Ш. Кендирбаева**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 760/1, 11.06.2026

Кол койгон: Кендирбаева Д.Ш.